**Протокол 4**

**Табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын отуруму**

**Күнү:** 04.11.2025-ж. **Убакыты:** 15:00

**Бардыгы: 35**

**Катышкандар: 30**

**Катышпагандар: 5**

**Күн тартиби:**

1. Модулдарды өткөрүү боюнча отчёт. Студенттердин учурдагы жетишүүсү жана катышуусу.
2. Окутуучулардын жеке иш-пландарын толтуруу жана алардын сапатын талдоо.
3. Кафедра дисциплиналары боюнча конок лекторлорду чакыруу жана лекцияларды өткөрүү.
4. Квалификацияны жогорулатуу, семинарларга, тренингдерге жана конференцияларга катышуу. Аккредитацияга даярдык.
5. Ачык сабактарды талкуулоо.
6. 1-курстагы студенттерди кабыл алуу аземине даярдык көрүү жана өткөрүү.
7. Ар түрдүү маселелер.

## 1-суроо боюнча:

**Угулду:** кафедра башчысы, ф.и.к., доцент **Р.О. Юсупова** модулдардын график менен өткөрүлүүсү жана анын жыйынтыгы админ кеңеште да каралгандыгын эскертилип, студенттердин жетишүүсү боюнча маалымат берди. Катышуу жана билим деңгээл негизинен жакшы деп бааланып жыйынтык чыгарылды.

**Сүйлөөгө чыгышты:**

- **Осмонова К.Ж.** — модулдун суроолорун студенттерге толук жеткирип, баалоо формаларын так жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.
- **Токтоназарова Н.** — жетишпеген студенттер менен кошумча консультацияларды өткөрүү зарылдыгын билдирди.

## 2-суроо боюнча:

**Угулду:** кафедра башчы **Р.О. Юсупова** окутуучулардын жеке иш-пландары 2025-2026-окуу жылдарына каралып, жыл ичиндеги ар бир окутуучунун жасай турган иштери жөнүндө болушу керектигин бекемдеди.

**Сүйлөөгө чыкты:**

- **Сакибаев К.Ш.** — айрым окутуучулардын жеке иш-пландарында дисциплина боюнча иштин жыйынтыктары так көрсөтүлбөгөнүн белгилеп, ноябрь айы

тапшырылуусу керек экендигин эскертип өттү.

- **3-суроо боюнча:**

**Угулду:** кафедра башчы **Р.О. Юсупова** кафедра дисциплиналары боюнча конок лекторлорду чакыруу иши жүрүп жатканын маалымдады.
**Сүйлөөгө чыкты:**

- **Ташматова Н.М.** — ТГД кафедрасындагы дисциплиналар боюнча конок лекторлор келип студенттерге сабак өтүп беришүүдө. Мисалы, патология, анатомия ж.б. Ошондуктан, студенттердин толук катышууларын камсыздап берүүңүздөрдү суранат элек, деп билдирди.
- **Джумаев Р.М.** — конок лекторлорду чакыруу студенттердин мотивациясын жана илимий кызыгуусун арттырарын айтты.

**4-суроо боюнча:**

**Угулду:** кафедра башчы **Р.О. Юсупова** — аккредитацияга даярдык жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатууда англис тил боюнча да тапшыруу негизги орунда тургандыгын баса белгилеп өттү.

**Сүйлөөгө чыкты:**

- **Исаева М. А**.— окутуучулар үчүн уюштурулган ар түрдүү курстарга, семинарларга, вебинарларга жана тил боюнча өткөрүлгөн иш-чараларга алдын ала даярдануу керектигин көрсөтүп, активдүү катышууга үндөдү. Катышуучулар бир добуштан колдошту.

**5-суроо боюнча:**

**Угулду:** кафедра башчы **Р.О. Юсупова** — 13-октябрда өткөрүлгөн “Күзгү Декада” деп аталган ачык сабактардын жыйынтыктары боюнча отчёт админ кеңешке берилип, жыйынтыгы жарыялангандыгы жөнүндө баяндалып, мындан ары да ачык сабактардын өткөрүлүүсү улантылышы эскертилди.

**Сүйлөөгө чыкты:**

- **Алиева Ч.М.** — ачык сабак учурунда, көп окутуучулар үлгүлүү усулдарды колдонууга аракет жасашкандыгын баса белгилеп, интерактивдик усулдарды кафедра мүчөлөрүнө жана жаңы келген окутуучуларга кеңири жайылтуу максатында семинар өткөрүүнү сунуштады.

**6-суроо боюнча:**

**Угулду:** тарбия иштери боюнча декандын орун басары **Абдуллаев Б.** — 1-курстун студенттерин кабыл алуу аземине даярдык иштери тууралуу маалымат берди. Аземди 20-ноябрда факультеттин чоң залында өткөрүү сунушталды.

**Тапшырылды:** кафедра мүчөлөрүнө жана кураторлорго иш-чараны активдүү уюштуруу дайындалды.

## 7-суроо боюнча (Ар түрдүү маселелер):

**Сүйлөөгө чыкты:** кафедра башчы **Р.О. Юсупова** ар бир дисциплина боюнча эмес, химия, биология, патология, анатомия, физиология, англис тил предметтери боюнча өтүлгөн сабактардын үстүнөн мониторинг жүргүзүүнү уюштуруп берүү үчүн кафедра мүчөлөрүнө тапшырылды.

# Токтом

1. Модулдарды график боюнча өткөрүү жана студенттердин жетишүүсү боюнча отчет ар бир окутуучуга жүктөлсүн.
2. Окутуучулардын жекече иш-пландары белгиленген мөөнөттө чогултулуп жана бекитилсин.
3. Конок лекторлорду чакыруунун уюштурулушун бекемдөө жана кафедрадагы окутуучулар тарабынан студенттердин катышуусун камсыздап берүүлөрү тапшырылсын.
4. Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча семинар, вебинар ж.б. иш-чараларына активдүү катышуулары милдеттендирилсин.
5. Сабак өтүүнүн заманбап окуу-методикалык усулдарын жайылтуу максатында жуманын ар бир ишенби күндөрү, кафедрадагы окутуучулар тарабынан уюштурулган семинарлар түзүлгөн графиктин негизинде өткөрүлсүн.
6. 1-курстун студенттерин кабыл алуу аземине бардык кураторлор студенттерди уюштуруп, активдүү даярдыктар көрүлсүн.
7. Ал эми мониторинг боюнча көрсөтүлгөн жобонун негизинде жогорудагы ар түрдүү маселелерде каралган предметтерден студенттердин билимдерин текшерип алуу жана алынган жыйынтыкты анализдеп, электрондук, кагаз түрүндө даярдалуусу сунушталсын.

**Кафедра башчысы, ф.и.к., доцент:** Р.О. Юсупова.

**Катчы:** Алдашбек кызы Нагима.